*Кургак учук айыгат*

## Жеңишбек Шарипов, Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасынын директору:

# "Дарылоодон дартты эрте аныктоо маанилүү"



***Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборунда электрондук система ишке кирип, дарыгерлердин иши кыйла жеңилдеди. Медициналык маалыматтык системалар Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасынын иши кыйла өркүндөтүп, дарыгерлердин оор түйшүгүн жеңилдетүү менен бирге, эң башкысы кургак учукка чалдыккан оорулуулардын дартын аныктоо жана дарылоо сапатын жогорулатууга ыңгайлуулук жаратты десек жаңылышпайбыз.***

***Дарыгер Жеңиш Шарипов, кургак учук оорусу менен ооруган бейтап жана анын жакындары да кургак учуктан айыгуусуна ишеним болушу керектигин белгилейт. Дарыгер биз менен маектешкенде дартты эрте аныктап, эрте дарылануунун маанилүүлүгү боюнча кенен айтып берди.***

- Биринчи кезекте кургак учукка кабылган адам дарыгерге канчалык эрте кайрылса бизге бейтаптын дартын убагында аныктоого жана аны бат дарылоого жакшы болот. Убагында дарыгерге кайрылган бейтап кабылган илдетинен бат арылып, кургак учуктан кийинки калдыктарга чалдыкпайт. Оорулуунун эрте кайрылуусу мамлекет үчүн да жакшы. Эмнеге десеңиз, кургак учукка кабылган бейтаптарды дарылоо мамлекет тарабынан каржыланат. Ошондой эле кургак учукка каршы медициналык дары дармектер кымбат жана дарылоо узак убакытка созулат. Анан да оорулуу убагында кайрылбай, же толук дарыланбаса илдет өтүшүп кетип, кургак учуктун туруктуу формасына өтүп кетет. Бул болсо оошончолук кымбатка түшөт. Дагы белгилей кетүүчү жагдай кургак учукка кабылган киши эмгекке жарамсыз болуп, экономикалык абалы начарлайт. Андыктан дартты убагында аныктап, бейтаптын убагында дарыланганы бейтап үчүн да, дарыгерлер үчүн да, мамлекет үчүн да, коомчулук үчүн да маанилүү.

***-Бул ооруга кабылган адам психологиялык жардамга муктажбы?***

- Ооба, албетте. Өзгөчө белгилей кетүүчү жагдай кургак учукка кабылган бейтапка колдоо көрсөтүү менен анын илдеттен айыгуусуна жардам берүүгө болот. Бул илдетке кабылган адам маанайы чөгүп, чүнчүй түшөт. Өзүнчө жакындарына жуктуруп коёмбу деген коркунуч сезим пайда болуп, алар менен чогуу жашагандан коркуп, тынчсыздана баштайт. Өзүнчө санаа тартып, стресске түшүп калышы да ыктымал. Ошондуктан ооруп калган адамдардын психологиялык абалы дарылануу учурунда өзгөчө маанилүү. Көп учурда ооруп калгандар аягына чейин дарылануугa эрки жетпей, оорусу туруктуу формага өтүп кетүү коркунучу бар. Ошондуктан бейтаптын жакындары оорулууну психологиялык, моралдык жактан колдоосу маанилүү. Кокус үй бүлөдө, жакындарыңыздын арасында кургак учуктун алгачкы белгилери байкалса дарыгерге кайрылууга сунуш берүү керек.

Кургак учуктун негизги белгилери болуп эки аптадан ашкан катуу жөтөл жана дене табынын көтөрүлүшү эсептелет. Илдет абадан, оорулуу кишинин какырыгы, шилекейи аркылуу жугат. Ооруга чалдыккан адам сөзсүз адистин көзөмөлүндө болуп, тийиштүү дары-дармектерди ичиши керек. Дарылануу мөөнөтү алты айдан бир нече жылга чейин созулат. Кургак учукка чалдыккан бейтапты айыктырса болот. Бул оору айыгат. Ошондуктан жакындарыңыз, жоро-жолдошторуңуз, тааныштарыңыз арасында жогоруда айтылган белгилерди байкасаңыз дароо дарыгерге кайрылуусун сунуштаңыз.

***- Кургак учук оорусу жаштар арасында да көп кездешүүдө. Бул канчалык кооптуу? Аларга кандай жардам көрсөтө алабыз.***

- Акыркы убакта жаштар арасында да бул дартка чалдыккандар жок эмес. Айрыкча өспүрүмдөр, кыз-келиндер кургак учук илдетине кабылып калышса, оорулары жашырып, өз алдынча дарылана баштап, туруктуу формасына өтүп кеткен учурлар бар. Себеби алар оорусун бирөө билип калса, болочокто турмуш куруусуна кедергисин тийгизет деп ойлошот, же болбосо турмуш курган жаш кыз-келиндер турмушунан ажырап калуусунан коркуп, жашырынып дарыланышат. Бул оору айыгат деген менен эл арасында дагы деле түшүнбөй басмырлап, кодулоого алгандар бар. Оорулууну кодулоо бейтаптын дарылануусуна терс таасирин тийгизип, абалын оорлоштурат. Кургак учуктун белгилери байкалса ооруну эрте аныктап, убагында дарыланса натыйжасы жакшы болот. Өспүрүм кыздар келечек энелер, өспүрүм балдар келечек мууну улантуучулары эмеспи. Андыктан алардын саламаттыгы баардыгыбыз үчүн маанилүү. Ошондуктан туура маалыматты элге жеткирип, ар бир нерсенин алдын алган, убагында дарылангaн маанилүү деп айтаар элем.

***- Кургак учукка кабылган бейтаптарды дарылоо кандай ыкмалар менен жүргүзүлүүдө. Ошондой эле кандай заманбап шарттар түзүлгөн.***

- Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборунда бейтаптарды дарылоо заманбап ыкмалар менен жүргүзүлүүдө. Мында бейтаптарды каттоо, дарылоо, лабораториялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар иштелип, дарыгерлер ортосунда онлайн консилиумдар уюштурулат. Онлайн-консилиумда дарыгер-фтизиатрлар өз жумуш ордунда эле онлайн режимде катышуусуна шарт түзүлөт. Мурда акчасын, убактысын коротуп консилиумга катышуу үчүн облус борборуна келсе, азыр ага убакыт, каражат коротпойт. Маанилүүлүгү бейтаптын дартын өз убагында аныктап, кечиктирбестен дарылап, дарылоонун жүрүшүн жалпы көзөмөлдөө менен бүтүм чыгарып, ийгиликтүү болууда.

USAIDдин "Кургак учукту айыктыруу" долбоорунун алкагында Баткен облустук ооруканасы кургак учукту аныктоо боюнча заманбап дигизайтер, Джен Эксперт аппараттары менен камсыздалган. Учурда Баткенде кургак учук дартын аныктоочу сапаттуу лабораториялык кызматтар учурунда көрсөтүлүп, Джен Эксперт аппараты 2 саат ичинде бейтаптын дартын аныктап берет.

Аталган аппараттын келиши менен биз үчүн жумуш алда канча жеңилдеген. Бул аппараттын жардамы менен бейтаптын өмүрүн сактап калууда жана дарыгердин дартты аныктоодо зор мааниси бар. Анткени буга чейин кургак учук оорусун аныктоодо убакыт талап кылынса, азыр 2 саатта жыйынтыгын чыгарып берет. Дарыгер кабинетинде эле отуруп, бейтаптын лабораториялык жыйынтык маалыматтарын алып, дарылоо көрсөтмөлөрүн онлайн таризде медайымга тапшырат.

Мисалы, бейтап ооруканага келгенде ага электрондук барак ачылып, бардык жеке маалыматтары киргизилет. Бөлүмгө бейтаптын келгендиги тууралуу фтизиатр-дарыгер онлайн режиминде билет. Ошондой эле жалпы маалымат тармагы аркылуу штрих коддун жардамы менен бейтаптын өзүнө таандык анализдеринин жыйынтыктары дарыгерге убактылуу реалдуу режиминде келип түшөт. Мында дарыгер кагаз иштерине көп убакыт коротпойт. Онлайн режимде медайымга маалыматын жиберет.

# Баткен шаарында арзан көмүр сатылууда

***Баткен шаарында арзан көмүр сатылууда. Көмүрдүн 1 тоннасы 5 миң сомдон бааланып, "БР" маркасындагы Сүлүктү көмүрү алып келинди.***

Күз-кыш мезгилинде калкты арзан көмүр менен камсыз кылуу үчүн Баткен шаарынын мэриясы, "Кыргызкөмүр" Мамлекеттик ишканасынын "Түштүк" филиалы менен биргеликте шаарга алгачкы 80 тоннадай көмүрдү убактылуу кампага түшүрүп, шаар тургундарына тизме менен сатууда.

Эске сала кетсек, убактылуу көмүр кампасы Баткен шаарынын Самат Сыдыков көчөсүндө, болжол Баткен УТРКнын имаратынын арткы тарабында жайгашкан.

Өлкө боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун тапшырмасы жана колдоосу менен арзан көмүр кампалары ачылган.

Арзан баадагы көмүр биринчи кезекте социалдык жактан муктаж үй-бүлөлөргө сатылат. Андан соң шаардын баардык тургундары сатып алса болот.

Баткен шаарынын мэринин биринчи орун басары Акылбек Орозов шаар тургундарына керектелүүчү көмүрдүн көлөмү жалпы 5 миң тоннаны түзөөрүн билдирди. Ошондой эле, быйыл шаар тургундары арзан көмүр менен толук камсыз болот деди.

Үстүбүздөгү жылдын август айынан бери Баткен шаарынын мэриясы Сүлүктү көмүр шахтылары менен сүйлөшүү жүргүзүп, Баткен шаарына буга чейин базар баасынан арзан 650 тоннадай көмүр ташылып келген.

# Оорулууга эң биринчи жардам бул жакындарыңдын колдоосу

***Дарыгерлер кургак учук оорусу менен ооругандардын көпчүлүгү миграциядан кайтып келгендер арасында көп катталууда дешет. Биздин каармабыз Адилет** (аты өзгөртүлдү) **учурда Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборунда дарыланууда. Биз бейтап менен маектешкенде, ал оорулуу кишинин сакайышына жакындарынын колдоосу маанилүү деген оюн билдирди.***



- Мен Орусияга эл катары мигрант болуп, жумуш издеп бардым. Курулушта туугандарым менен биргеликте иштеп жүрүп, кокус ооруп калдым. Сасык тумоо болдум деп өз алдымча дарыканалардан дарыларды сатып алып, дарыланып жүрдүм. Бирок дене табым бирде көтөрүлсө, кайра түшүп, демим кысттыкканы көбөйдү. Ошондон кийин дарыгерге көрүнсөм. Дарыгер рентгенге түшүп келиңиз деп жолдомо берди. Дарыгер анализдердин натыйжасын көрүп, өпкөңүздө суу бар, сиз кургак учукка чалдыгыпсыз деди. Жашаган жериме келип туугандарыма оорум жөнүндө айтканымда алардын менден алыстай баштаганын, чочуркаганын сездим. Мени менен саламдашпай да калышты. Ал учурда ата-энем, үй-бүлөм Баткенде. Алар менин абалымды угуп аябай кабатыр болушту. Өзүм да аябай кыжаалат болдум. Менде кайда, кимге барам, кимге кайрылсам болот, мындан кийинки абалым кандай болот, деген бүдөмүк ойлор пайда болуп кыйналдым. Баткенге жете аламбы деп көп ойлондум. Жолго чыктым, жолдуката демим кыстыгып жатып араң Баткенге жетип келдим. Ата-энем күтүп алышты.

Баткенге келип эле кургак учукка каршы күрөшүү борборуна бардым. Дарыгерлер мени жакшы кабыл алып, текшерүүдөн өткөрүштү. Алардын мага болгон жагымдуу мамилеси ооруну жеңип, айыгып кетериме болгон ишенимди пайда кылды. Мени дарылаган дарыгер кургак учук илдети боюнча маалымат берип, бул оору коркунучтуу эмес, кургак учук айыгат дегени кыйла абалымды жеңилдетип, ишенимимди дагы бир ирет бекемдеди. Ооруканага жаткан күндөрүмдүн алгачкы жумасында дене табымды түшүрүп, даарылашып, өпкөмдөгү сууну алышты. Учурда акысыз дарыланып жатам, абалым жакшы, демим кыстыкпай калды. Бул жерде мен сыяктуу жаштар да бар экен, 6 жашар баладан тарта эң улуусу 80 жаштан жогору курактагылар да дарыланышууда. Эки айдан бери дарыланып жатам, дарыларды убагында калтырбай ичип, жакындарымдын колдоосу менен айыгып калдым. Элдин саламаттыгына көңүл бөлгөн мамлекетке, эл аралык уюмдарга, дарыгерлерге терең ыраазычылык билдирем. Ооруп калган кишиге эң биринчи жардам эле бул жакындарыңдын колдоосу экенин түшүнүп жеттим. Абдан ыраазы болдум Баткенде да медицина өнүгүп, өз жерибизде дарыланып, Бишкек, Ош шаарларына барып каражат кетирбестен жеткиликтүү медициналык жардам алып жатабыз.

***Айзада, бейтап:***

# "Менин агам да бул оорудан айыккан"

***Акыркы кездерде жаш, өспүрүм кыздар арасында катталган кургак учук оорусу кимди ойлондурбай койбойт. Кургак учук оорусунун алдын алуу боюнча ар тараптуу иштерди алып баруу милдети баарыбыздын алдыбызда турат. Биз Баткен областтык кургак учукка каршы ооруканасында дарыланып жаткан өспүрүм кыз менен анын макулдугу аркылуу маек курдук.***

***Айзада өспүрүм курактагы кыз. Кургак учук оорусуна кабылып, учурда ооруканада дарыланууда. Анын бир тууган агасы да буга чейин кургак учук менен ооруп, айыккан. Ал өзүнүн учурдагы абалы тууралуу биз менен бөлүштү.***



- Кургак учукка кабылганымды билген эмесмин. Жөтөлүп, дене табым көтөрүлүп ооруп жүрдүм. Сасык тумоо болуп калдым деп ойлогонмун. Алгач айылдагы медайымга кайрылсам, сасык тумоо деп, дары дармектерди жазып берди. Бирок мындай дарылануу мага таасир берген жок. Бир жума бою дарылансам да жөтөлүм калбай, дене табым көтөрүлө берди. Андан соң айылдагы дарыгер рентгенге түшүп кел деп жолдомо жазып берди. Баткенге келип рентгенге түшсөм, өпкөңдө суу бар деген тыянак чыгарышып, Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборуна жиберишти. Андан кийин кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасында дарылана баштадым. Бир жумада дене табымды түшүп, даарыланып, дарыгерлер өпкөмдөгү сууну алышты. Мага чейин менин бир тууган агам да кургак учукка чалдыккан. Алгач агам ооруганда үй-бүлөбүз кургак учук илдети боюнча маалыматыбыз жоктугунан аябай ызы-чууга түшкөн элек. Агам убагында толук дарыларын ичип, дарыгердин көзөмөлүндө болуп айыгып кетти.

Мен да кургак учук оорусу менен оруп калдым. Мен ооруп калганымда үй-бүлө мүчөлөрүбүз бул оору боюнча маалыматы болгондуктан мага аябай колдоо көрсөтүп, кабатыр болбо бул оору айыгат дешти. Азыр менин оорум боюнча классташтарым, мугалимдерим баары билишет. Кайра алар мага кабатыр болбо, стресске кабылба, ооруну күчөтүп ийбе деген сөздөрүн айтышып колдоо көрсөтүшүүдө. Анткени алардын да бул оору жугуштуу болгону менен айыга турган оору экендиги боюнча маалыматы бар. Белгилей кетсем айлана-чөйрөбүздөгүлөрдүн колдоосу биздин айыгып кетүүбүзгө таасири чоң экен. Мен бул ооруну жеңип чыгарыма ишенем. Анткени менин бир тууган агам да бул ооруга кабылып, убагында дарыланып айыккан. Андыктан оорунун белгилери байкалса дароо дарыгерге кайрылып, дарылоону эрте баштоо маанилүү экендигин белгилеп кетким келет. Канчалык эрте дарыгерге кайрылып, убагын дарыланып, дарыгерлердин көзөмөлүндө болсоң, ошончолук тез айыгууга кепилдик бар.

**Диларрам Эгембердиева,**
**журналист**

# Көптөн күткөн күн

***Тажикстандан келген 2 жаранга Баткен шаарынын мэри Имамназар Бурканов жана Баткен райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы Сүйүнбай Сатыбалдыевдер тапшырышты. Кайрылман күбөлүгүн алгандар бүгүндөн тартып, кыргыз жарандыгын алууга мүмкүнчүлүк алышат.***

Ошондой эле бекер медициналык кызматтан пайдаланып, пособия алууга шарт түзүлөт. Баткен райондор аралык эмгек социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча бүгүнкү күнгө чейин Баткен шаарында кайрылман күбөлүгүн алууга 10 адам арыз таштаган. Эки жаранга күбөлүк берилип, сегиз жарандын арызы кароодо турат.

Үстүбүздөгү жылдын, 10-октябрда Тажикстан Республикасынын аймагынан келген, "Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө" Кыргыз Мыйзамынын 2007-жылдын 20-ноябрындагы №175 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-июнундагы №402 Кайрылман статусун берүү тартиби жобонун негизинде берилди.

# Нан азыктарына көзөмөл жүрүүдө

***Баткен шаарында азык-түлүк коопсуздугун алдын алуу, баалардын туруктуулугун кармоо боюнча иштер алып барылууда.***

Бүгүн 12-октябрда Баткен шаарынын мэриясынын жана монополияны жөнгө салуу агенттигинин Баткен облусундагы башкармалыгынын кызматкерлери менен биргеликте шаар аймагында нан жана нан азыктарын сатуу иштерин жүргүзгөн субъектерге нандын белгиленген баасынан ашып кетүүсүнө жол бербөө максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Түшүндүрүү иштеринин алкагында буудай унунун 1-сортунан жасалган нан азыктарынын бааларына мониторинг жүргүзүлүп, нандын баасы жана салмагы боюнча текшерүү учурунда атайын белгиленген стандартка жооп бербеген навайчыларга жана сатуучуларга эскертүүлөр берилди.

Максимумдук деңгээл 1 кг бөлкө нандын дүң баасы 56,5 сом болуп, чекене баасы 65 сом болушу шарт.

Ал эми 1 кг тандыр нандын дүң баасы 99 сом, чекене баасы 116 сом деп бектилген.